**Көрсөтмөлөр.**

Стероиддуу эмес сезгенүүгө каршы жана ревматизмге каршы каражаттар. Жеңилден орточо деңгээлге чейинки ооруну симптомдук дарылоо, мисалы: булчуң-скелет оорулары, ооруткан этек кир (дисменорея), тиш оорусу.

**Каршы көрсөтмөлөр.**

• Декскетопрофенге, башка кандай болбосун стероиддуу эмес сезгенүүгө каршы каражаттарга же препараттын кошумча заттарына жогорулатылган сезгичтик.
• Бензе механизмде таасир берген заттар (мисалы, ацетилсалицил кычкылы жана башка СЭСК — стероиддуу эмес сезгенүүгө каршы каражаттар) бронхиалдык астма, бронхоспазм, курч ринит, мурун полиптери, сөөн же ангионевротикалык шишик пайда кылган бейтаптарга колдонууга болбойт.
• Ичеги-карын жолундагы жаралар/кан кетүү стадиясында же ага шектүү учурлар, ошондой эле рецидив берүүчү жара оорусу/кан кетүү (анамнезде keминде 2 тастыкталган учур), жана өнөкөт диспепсия.
• СЭСК колдонууга байланыштуу ичеги-карын жолунда кан кетүү же тешилүү фактылары.
• Ичеги-карын жолунда кан кетүү, башка активдүү кан кетүүлөр же жогорку деңгээлдеги кан агуу коркунучу.
• Крон оорусу же өзгөчө эмес жаралуу колит.
• Анамнезде бронхиалдык астма.
• Оор түрдөгү жүрөк жетишсиздиги.
• Орточо же оор даражадагы бөйрөк функциясынын бузулушу (креатинин клиренси <50 мл/мүн).
• Боордун оор түрдөгү жетишсиздиги (Чайлд-Пью шкаласы боюнча 10–15 балл).
• Кан уюу системасынын бузулушу же геморрагиялык диатез.
• Кош бойлуулуктун III триместри жана эмизүү мезгили.

**Каршы көрсөтмөлөр.**

• Декскетопрофенге, башка кандай болбосун стероиддуу эмес сезгенүүгө каршы каражаттарга же препараттын кошумча заттарына жогорулатылган сезгичтик.
• Бензе механизмде таасир берген заттар (мисалы, ацетилсалицил кычкылы жана башка СЭСК — стероиддуу эмес сезгенүүгө каршы каражаттар) бронхиалдык астма, бронхоспазм, курч ринит, мурун полиптери, сөөн же ангионевротикалык шишик пайда кылган бейтаптарга колдонууга болбойт.
• Ичеги-карын жолундагы жаралар/кан кетүү стадиясында же ага шектүү учурлар, ошондой эле рецидив берүүчү жара оорусу/кан кетүү (анамнезде keминде 2 тастыкталган учур), жана өнөкөт диспепсия.
• СЭСК колдонууга байланыштуу ичеги-карын жолунда кан кетүү же тешилүү фактылары.

• Ичеги-карын жолунда кан кетүү, башка активдүү кан кетүүлөр же жогорку деңгээлдеги кан агуу коркунучу.
• Крон оорусу же өзгөчө эмес жаралуу колит.
• Анамнезде бронхиалдык астма.
• Оор түрдөгү жүрөк жетишсиздиги.
• Орточо же оор даражадагы бөйрөк функциясынын бузулушу (креатинин клиренси <50 мл/мүн).
• Боордун оор түрдөгү жетишсиздиги (Чайлд-Пью шкаласы боюнча 10–15 балл).
• Кан уюу системасынын бузулушу же геморрагиялык диатез.
• Кош бойлуулуктун III триместри жана эмизүү мезгили.

**Дары формасы.**
Пленкаланган каптама менен капталган таблеткалар.

**Негизги физико-химиялык касиеттери:**
Таблеткалар тегерек формасында, эки жагы дөмпөй, бир тарабында сызыгы бар, ак же акка жакын түстөгү пленкаланган каптама менен капталган.

**Колдонуу жолу жана дозасы.**
**Чоңдор үчүн.** Ооруу түрүнө жана күчүнө жараша сунушталган доза — ар 4–6 саат сайын 12,5 мг (пленкаланган каптама менен капталган таблетканын ½ бөлүгү) же ар 8 саат сайын 25 мг (1 толук таблетка). Күндүк жалпы доза 75 мгдан ашпашы керек.

Препараттан болгон терс таасирлерди азайтуу үчүн мүмкүн болушунча эң аз натыйжалуу дозаларды жана симптомдорду жоготуу үчүн талап кылынган эң кыска дарылоо мөөнөтүн колдонуу сунушталат.

**КЕТОДЕКСА** узак мөөнөттүү дарылоо үчүн каралган эмес; дарылоо белгилер жоголгонго чейин улантылат.

Тамак менен бирге ичүү дары затын сиңирүү ылдамдыгын азайтат, ошондуктан препаратты тамактан кеминде 30 мүнөт мурда ичүү сунушталат.

**Кары жаштагы бейтаптар.**
Дарылоону төмөн дозалардан баштоо сунушталат. Күндүк доза 50 мгды түзөт. Эгер препарат жакшы көтөрүлсө, дозаны кадимки деңгээлге чейин жогорулатууга болот.

**Боор функциясынын жеңил жана орточо бузулушунда.**
Дарылоону сунушталган минималдуу дозадан баштоо жана дарыгердин катуу көзөмөлү алдында жүргүзүү керек. Күндүк доза — 50 мг.

**Бөйрөк функциясынын жеңил бузулушунда.**
Бөйрөк функциясынын жеңил бузулушу бар бейтаптар үчүн (креатинин клиренси 50–80 мл/мүн) баштапкы күндүк жалпы дозаны 50 мгга чейин төмөндөтүү керек.

**Балдар.**
Препаратты балдарга колдонуу изилдене элек, ошондуктан бул курактагы бейтаптарга декскетопрофен дайындоого сунушталбайт.